# ЕККУ ШАЙЛООЛОРГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ МИССИЯСЫ
**Кыргыз Республикасы – Президенттик Шайлоо, 23-июль 2009-жыл**

## АЛГАЧКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА КОРУТУНДУЛАР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ

**Бишкек, 24-июль 2009-ж.** – 2009-жылдын 23-июлунда болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Президенттик Шайлоого байкоо жүргүзгөн ЕККУ Шайлоолорду Байкоо Миссиясы (ШБМ) ЕККУ Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары Бюросу (ЕККУ/ДИАУБ) менен ЕККУ Парламенттик Ассамблеясынын (ЕККУ ПА) биргелешкен аракети болуп эсептелет.

Шайлоолордун ЕККУ алкагындагы милдеттерге, демократиялык шайлоолор боюнча башка эл аралык стандарттарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келишине баа берилет. Бул алгачкы жыйынтыктар жана корутундулар жөнүндө Билдирүү шайлоо процесси аяктаганга чейин жарыяланат. Шайлоого акыркы тыянактоочу баа берүү белгилүү ченемде шайлоо процессинин калган этаптарына, анын ичинде добуштарды жыйынтыктоо жана анын натыйжаларын жарыялоо, жана шайлоолордон кийин келип түшүүсү мүмкүн болгон арыздардын каралышына байланыштуу болот. ЕККУ/ДИАУБ шайлоолорду уюштурууну жакшыртуу боюнча сунуш-кеңештерди камтыган жыйынтыктоочу толук отчетту шайлоо процесси аяктагандан кийин сегиз жумадан соң жарыялайт. Бул Билдирүү ЕККУ Парламенттик Ассамблеясынын туруктуу комитетинин кезектеги отурумунда баяндалат.

Шайлоолорго байкоо жүргүзүү Миссиясына (ШБМ) кирген ЕККУ институттары Кыргыз Республикасынын бийлигине жана башка маектештерине кызматташтык үчүн ыраазычылык билдирет. Алар Кыргызстанда демократиялык шайлоолорду өткөрүүнүн колдоону мындан ары улантууга даяр.

## АЛГАЧКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР

Айырмаланган президенттикке талапкерлердин арасынан тандоого жана шайлоо процессине граждандык коомдун кеңири катышуусуна түзүлгөн ыңгайлуу шарттарды ичине камтыган айрым оң жагдайларга карабастан, 23-июлдагы президенттик шайлоолор ЕККУнун демократиялык шайлоолор боюнча негизги милдеттерине, анын ичинде партия менен мамлекеттин ортосундагы так бөлүүнү камсыздоо боюнча талаптарга жооп берген эмес. Шайлоо күнү бюллетендерди кош-коштоп салууну, шайлоочулардын тизмесиндеги так эместиктерди жана айрым далилденген айланып добуш берүүнү камтыган көптөгөн проблемалуу кырдаалдар жана мыйзам бузуулар менен мүнөздөлгөн. Добуштарды эсептөө жана жыйынтыктоо учурунда процесс андан ары начарлады.

Атаандаштар жалпысынан бүтүндөй өлкө боюнча үгүт иштерин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алышкандары менен шайлоолорго бир жума калганча үгүт активдүү

эмес жана бошоң өттү. Атаандаштардын үгүт иштеринин медиа каражаттарында чектелген жана тең салмактуу эмес чагылдырылышы, айрыкча мамлекеттик массалык маалыма каражаттарынын аракеттеги президентти көбүрөөк чагылдыруусу шайлоочуларга толук жана ар түрдүү маалыматтын негизинде тандоо жасашына мүмкүндүк берген жок. Бул бир тараптуулук, аракеттеги Президенттин үгүт ишмердигин сүрөөгө алган административдик ресурстарды ашкере пайдалануу менен коштолуп, ага адилетсиз артыкчылыктарды түзүп берди.

ШБМ оппозициянын иш чараларына тоскоолдук кылуу, ошондой эле оппозициянын талапкерлерине кысым жасоо жана коркутуп-үркүтүү учурларын белгиледи. Бул ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документине карама-каршы келет. Жергиликтүү администрациялардын кызматкерлери жана “Ак Жол” партиясынын (бийликтеги партия) активисттери үймө-үй кыдырышып, шайлоочулар тууралуу маалыматтарды чогултушуп, шайлоочулардан алардын кимге добуш берери тууралуу маалыматты айтуусун көшөрүү менен талап кылышкан. Кысым көрсөтүүлөр, тоскоолдук кылуулар жана коркутуп-үркүтүүлөр менен коштолгон бир талапкерге адилетсиз артыкчылык берүү ишенбөөчүлүк атмосферасын пайда кылды жана шайлоолордун нукура демократиялык жол менен өтөөрүнө коомчулуктун ишенимин жоготту.

Борбордук Шайлоо Комиссиясынын (БШК) ишмердигинде кээде ачык-айкындуулук жок болду: отурумдарды өткөрүү графиги ачык түзүлгөн жок, БШКнын токтомдорунун кээ бирлери жарыяланган эмес жана ар түрдүү процедуралардын протоколдору байкоочулар үчүн кол жеткис бойдон кала берген.

Шайлоону өткөрүү бийликчил жана бийликтеги Ак Жол партиясы контролдоду. Бул шайлоонун мамлекеттик бийликтин кысымына көз каранды болбой өтөөрүнө жана калыс болооруна тынчсыздануулары пайда кылды. Айрыкча, Участкалык Шайлоо Комиссияларын (УШК) түзүү көптөгөн проблемалар менен коштолду. Көпчүлүк учурларда саясый партиялар тарабынан көрсөтүлгөн адамдар мыйзамда жок, ойдон чыгарылган процедуралык себептер менен бул комиссияларга кирбей калышты; башкалары коркутуп-үркүтүүлөрдү себеп кылып, өз ыйгарым укуктарынан баш тартышты. Саясый партияларга бөлүнгөн жана мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери ээлөөгө тийиш болгон кээ бир аймактардагы бош орундарга чүчү кулактардын жыйынтыктары статистикалык жактан аз ишеним туудурган, жана көпчүлүк учурларда Ак Жол партиясынын пайдасына чыгарылып жатты.

Шайлоочулардын тизмелеринин сапаты жана тактыгы тынчсыздануулардын себепкери бойдон калды. Мурдагыдай шайлоочулардын тизмелерин коомчулукка жеткиликтүү кылуунун ордуна БШКнын Шайлоо Кодексин шайлоочулардын тизмелери жекече түрдө текшерилет деп түшүндүрүшү шайлоочулардын тизмелеринин сапатынын жакшырышына жардам берген жок.

Шайлоо алдындагы үгүттүн позитивдүү белгилери:

- Жарандык коом шайлоо процесстерине жигердүү катышты жана шайлоолордун ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыз кылууда негизги ролду ойноду.
- БШК менен Өкмөттүк эмес уюмдардын ортосунда эки тарапты шайлоочулардын укуктарын сыйлоого, кызматташууга жана укуктук

нормаларды сактоону колдоого милдеттендирген Өз ара Мамилелер тууралуу Меморандумга кол коюлган.
- Өзгөчө кечки сааттарда медиа каражаттары талапкерлерге акысыз эфир берүү боюнча өз милдеттерин аткарышты. Мурда мындай болгон эмес.
- Мамлекеттик телекөрсөтүү түз эфирде талапкерлердин ортосунда бир нече дебаттарды өткөрүүнү сунуш кылды. Бирок көпчүлүк талапкерлер дебаттарга катышууга анчалык кызыгышкан жок.
- Жалпысынан шайлоолордун администрациясы жана соттор өз ишмердигин белгиленген мөөнөттөрдө жүгүзүштү.
- БШК "Добуш бер, болбосо уттурасың!" деген жалпы аталыштагы элдик акцияны уюштурууда жигердүүлүгүн көрсөттү.
- Ачык-айкындуулукту арттыруу максатында БШК шайлоо алдындагы үгүт иштерине кеткен чыгымдар тууралуу маалыматты жарыялады.

Төмөндөгү кемчиликтер белгиленди:
- БШК төрагасынын Конституциялык Соттун чечимин аткарбоо жөнүндөгү билдирүүсү мыйзамдардын үстөмдүгү тууралуу маселеге көлөкө түшүрөт.
- Шайлоо Кодексине толуктоолор шайлоолор күнү шайлоочулардын тизмесине толуктоолорду киргизүү үчүн сот чечиминин зарылдыгы тууралуу талаптарды, ошондой эле мүмкүн болгон бир нече жолу добуш берүүлөргө бөгөт болуучу чара болуп эсептелген шайлоочулардын манжасына эн салууну алып таштады.
- Укуктук нормалар жана шайлоолор процедуралары бардыгына бирдей колдонулган жок. Бул укук системасынын эффективдүүлүгүнө күмөн туудурат.
- "Азаттык" радиосунан тышкары көрсөтүү жана уктуруу массалык маалымат каражаттары өз берүүлөрүндө ар кыл көз караштарды чагылтырыш үчүн анчалык аракет жасаган жок.
- Шайлоолор алдындагы күнү бир оппозициялык талапкердин сөздөрүндөгү зордук кылууга күчтүү чакырыктар тынчсыздантты.

ЕККУ байкоочулары шайлоо күнү добуш берүүнүн жашыруундуулугу дайыма эле камсыз кылына бербегендигине жана көп учурда процедуралар сакталбаганына күбө болушкан. Көп учурда байкоо астында болгон добуш таштоо урналарына мөөр туура эмес түрдө басылган.
ЕККУ байкоочулары урнага кошоктоп бюллетень таштоолорду жана Шайлоочулардын Кошумча Тизмелерине киргизилгендердин саны өтө эле көп болгондугун көрүшкөн. Бул бүт өлкө боюнча шайлоочулардын тизмелеринин тактыгы жоктугун тастыктайт. Добуштарды ачык сатып алуулардын үч учуру байкалды. Шайлоо күнү укугу жок болсо да УШК ишин тескеп, башкарган адамдардын көп экендиги байкалган. Шайлоо участкалардын жабылуу жана добуштарды эсептөө процесстери кырдаалдын андан ары начарлаганын айгинеледи, жарымынан көп учурларда ЕККУ байкоочулары добуштарды эсептөө процессине терс баа беришти. Шайлоо Мамлекеттик Автоматташтырылган Системанын (МАС) жакшы иштебегендигинен улам Райондук Шайлоо Комиссияларынын (РШК) көпчүлүгү добуштардын санын жыйынтыктай алышпады. Көп учурда ЕККУ байкоочуларынын имараттан чыгып кетүүсүн ачык талап кылышып, же Шайлоо Мас системасына кирүүнү көрсөтүшпөй коюшкан. Ошондуктан байкоочулар добуштарды эсептөө процессине тийиштүү деңгээлде баа берүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырашкан.

## АЛГАЧКЫ КОРУТУНДУЛАР

### Кыскача тарых

Кыргыз Республикасынын Президенти ар беш жыл сайын жалпы улуттук шайлоолордо шайланат. Президент өз кызматында катары менен эки мөөнөттөн ашпаган мезгил бою иштей алат. 2009-жылдын март айында Конституциялык Сот Президент Бакиев 2003-жылы кабыл алынган Конституциянын негизинде төрт жылдык мөөнөткө шайлангандыгын аныктаган, жаңы шайлоолор 2009-жылдын октябрь айынын акыркы жекшембисинен кеч эмес мезгил аралыгында өтүүсү тийиш болгон. Жогорку Кеңеш (парламент) 2009-жылдын 23-июлун президенттик шайлоолор күнү деп жарыялады.

Расмий жыйынтыктарга ылайык Президент Бакиев 2005-жылы өткөн президенттик шайлоодо шайлоочулардын 89 пайыз добушуна ээ болуу менен жеңишке жетишкен. 2007-жылы мөөнөтүнөн мурда өткөн парламенттик шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Жогорку Кеңештен үч партия орун алган: “Ак Жол” – 71 орун, Кыргызстан Социал-демократиялык Партиясы (11) жана Кыргызстан Коммунисттер Партиясы (8). 2005-жылдагы президенттик шайлоого баа берүүдө ЕККУ милдеттенмелерин аткарууга карай сезилерлик прогресс болгондугу белгиленген; 2007-жылдагы мөөнөтүнөн мурда өкөн парламенттик шайлоолордо ЕККУнун бир катар милдеттери аткарылган эмес, жана шайлоо процессин андан ары чыңдоо мүмкүнчүлүгү колдон чыгып кеткен.[1] Кыргызстандагы саясый кырдаал жакынкы жылдары өкмөт менен оппозициялык партиялар ортосундагы тез-тез кайталанган каршылашуулар менен белгиленди жана саясый кырдаал курч бойдон калууда.

### Укуктук Негиз жана Шайлоо Системасы

Шайлоолорду өткөрүү негизинен Конституция жана Кодекс менен жөндөлөт. Бирок ЕККУнун алкагында алынган милдеттенмелерге толук шайкеш келтирүү жана о.э. мамлекеттин башка нормативдик-укуктук актыларына дал келтирүү үчүн Шайлоо Кодекси толукталып, иштелүүгө муктаж.

2009-жылдын январь айында Шайлоо Кодексине акыркы өзгөртүүлөрдү киргизүүдө ЕККУ/ДИАУБ сунуш кылган кеңештер эске алынган эмес. Өзгөртүүлөрдүн натыйжасында бир нече жолу добуш берүүлөрдүн алдын алуунун маанилүү кепили болуп эсептелген шайлоочулардын манжасына эн салуу алынып ташталды жана шайлоочуларды каттоо тартиби өзгөрдү, ошону менен шайлоо өтүп жаткан күнү соттун чечимисиз эле шайлоочулардын тизмесине толуктоолорду киргизүүгө шарт түзүлдү. Бул өзгөртүүлөр айрыкча, шайлоочулардын тизмесине толуктоолорду киргизүүнүн үстүнөн кайчы көзөмөл кылуунун мамлекет деңгээлинде системасынын жок экендигин эске алганда, мүмкүн болуучу бир нече жолу добуш берүүлөрдүн ыктымалдуулугун бир кыйла жогорулатты.

---

[1] 2005 жана 2007-жылдардагы шайлоолор боюнча, Кыргыз Республикасында мурда өткөн шайлоолорду кошо алганда, ЕККУ/ДИАУБ Отчеттору, караңыз: http://www.osce.org/odihr-elections/14475.html

Жаңы киргизилген башка жоболор жарандардын тынчтык жыйындарга чогулуу сыяктуу конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине формалдуу чектөөлөрдү киргизди. Шайлоо Кодекси үгүт иштерин ачык жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, ал эми 2008-жылкы редакциядагы "Тынчтык жыйындарды өткөрүү укуктары жөнүндөгү" Мыйзам көчөлөрдө (атайын каралган жерлерден тышкары) иш чара өткөрүү үчүн жергиликтүү бийлик органдарынан уруксат алууга милдеттендирет. ЕККУ/ДИАУБ жана Европа Кеңешиинин Венеция Комиссиясы "Тынчтык жыйындарды өткөрүү укуктары жөнүндөгү" Мыйзам "азыркы убакта тынчтык жыйындарды өткөрүү укуктарын акылга сыярлык чектөө үчүн эл аралык стандарттарга жооп бербейт".[2]

29-апрелде Конституциялык Сот Шайлоо Кодексинин сотко арыз жолдоо укугун чектеген 45.11 жана 46.7-беренелерин Конституциянын талаптарына жооп бербейт деп тапты.[3] Ошол негиздер менен Конституциялык Сот Шайлоо Кодексинин 54.4 (параграф 2) жана 55.7 (параграф 1) беренелеринде каралган добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча (бирок, шайлоонун жыйынтыктары боюнча эмес) Сотко арыз жолдоого коюлган үч күндүк мөөнөттү алып таштады. Ага карабастан, БШК төрагасы Шайлоо Кодексине өзгөртүүлөр киргизилбегендиктен, бул чечим аткарылбасын жана добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча Сотко кайрылуу үчүн Граждандык Процессуалдык Кодекстин 257 беренесинде каралган 10 күндүк мөөнөт колдонулаарын билдирди.[4]

Президенттик шайлоолор эки тур менен можаритардык системага ылайык өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда талапкерлердин бири да шайлоочулардын добушунун абсолюттук көпчүлүгүн албаса, баарынан көп добуш алышкан эки талапкер шайлоолордун жыйынтыгы аныкталгандан соң эки жумадан кем эмес мезгил аралыгында өтө турган экинчи турга катышышат. Эгерде эки турда тең каттоодон өткөн шайлоочулардын элүү процентинен кем эмеси катышып, добуштарын беришсе, шайлоо өткөн болуп эсептелет. Шайлоого катышкандардын саны андан аз болсо, кайра шайлоолор өткөрүлөт. Бул болбой калган шайлоолордун циклине алып келиши ыктымал. Кодекске киргизилген акыркы толуктоолордо камтылган бул талап белгиленген босогого жетүү үчүн шайлоо мыйзамдарын бузууларга баруу тобокелчилигин арттырат. ЕККУ/ДИАУБ мындай сценарийдин алдын алуу үчүн 50 проценттик босогону алып таштоо тууралуу рекомендацияларды бир нече жолу сунуш кылган.

---

[2] Караңыз: «Мнение о Дополнениях к Закону Кыргызской Республики о Праве Граждан Собираться Мирно, Без Оружия, Свободно Проводить Митинги и Демонстрации», Мнение – №: FOA – KYR/111/2008, 27 Июня 2008, доступный на: www.legislationonline.org/download/action/download/id/824/file/test.pdf

[3] Бул жобого ылайык добуш берүү күнүнөн кийин келип түшкөн добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча арыздар сот тарабынан бул тууралуу Участкалык Шайлоо Комиссиясынын (УИК) отурумунун протоколунда белгиленген учурда гана кабыл алынат.

[4] Конституциялык Сот жөнүндөгү Мыйзамдын 14.2 беренесине ылайык, соттун чечимин бардык мамлекеттик органдар, кызмат адамдары, юридикалык тараптар жана жарандар аткарууга милдеттүү.

**Шайлоолорду башкаруу**

Шайлоолорду башкаруу Борбордук Шайлоо Комиссия (БШК) жетекчилиги астында 4 деңгээлде ишке ашырылат. БШК 5 жылдык мөөнөткө шайланган туруктуу иштөөчү орган болуп эсептелет. Бардык президенттикке талапкерлердин кеңеш берүүчү добуш менен бирден БШК мүчөсүн дайындоого укугу бар. Талапкерлердин үчөөсү: Темир Сариев мырза, Алмазбек Атамбаев мырза жана Токтайым Уметалиева мырзайым бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланышты. Ал эми эки талапкер өз өкүлдөрүн шайлоого бир жума калганда дайындашты.

Шайлоону башкаруу андан ары 7 Областтарда жана Бишкек, Ош шаарларынын, 44 Райондук (РШК), 12 Шаардык (ШШК) жана 2 330 Участкалык Шайлоо Комиссиялары (Кыргызстандын чегинен тышкары жайгашкан 49 Шайлоо Крмиссияларын кошкондо) тарабынан жүргүзүлөт. Областтык Шайлоо Комиссиялары (ОШК) түздөн-түз БШК тарабынан дайындалат. Райондук Шайлоо Комиссиялары Областтык Шайлоо Комиссиялары тарабынан белгиленген мөөнөттө дайындалышты. 56 РШК ичинен биринде гана комиссия мүчөлөрү белгиленген мөөнөттүн акыркы күнү болгон 22-июндан кийин дайындалды.

Аракеттеги президентти колдогон, бийликтеги "Ак Жол" партиясынын үстөмдүгүнөн улам Шайлоо администрациясынын мамлекеттик бийликтин басымынан көз карандысыздыгы жана анын калыстыгы күмөн саноолорду жаратты. БШК төрагасын Парламенттин макулдугу менен Президент дайындайт. Ал эми Парламентте "Ак Жол" абсолюттук көпчүлүктү ээлейт. БШКнын алты мүчөсүн Президент дайындайт, калган алтоосу Парламент тарабынан дайындалышат. Буга кошумча, көпчүлүк учурларда РШК мүчөлөрү жергиликтүү администрациянын кызматкерлери болушкан. Бул шайлоо башкарууга бир тараптуу мамилени күчөттү.

УШК түзүү ар кайсы деңгээлдерде көптөгөн проблемалар менен коштолуп, бүт өлкө боюнча УИК мүчөлөрүнүн көпчүлүгү "Ак Жол" партиясына тийешелүү болуп калды. Мыйзамга ылайык РШК Участкалык Шайлоо Комиссияларын 1/3 принцибине шайкеш, тагыраак айтканда, ар бир мамлекеттик мекемеден жана саясый партиядан 1/3төн ашпаган өкүл, дайындайт;[5] ал эми калган орундар "шайлоочулардын чогулуштарында" шайланган өкүлдөргө таандык.[6] Эгерде жогорудагы биринчи эки топ менен дайындалган адамдардын саны бар орундардан көп болуп калса, УШК мүчөлөрү чүчү кулак кармоо менен дайындалат. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары Ысык-Көлдө, Нарында, Тоңдо, Кеминде жана Алайда участкалык комиссия мүчөлөрү аларды түздөн-түз жергиликтүү администрациялар тарабынан дайындалышкандарын айтышкандарын кезиктиришти. Бул мыйзам талаптарына жооп бербейт. Талас, Нарын РШКларында расмий газетага жарыяланган чүчү кулак кармоонун

---

[5] КР Шайлоо Кодексинин 11 беренесинин 5 пунктуна ылайык, жергиликтүү башкаруу органдарынын жана саясый партиялардын өкүлдөрүнүн саны шайлоо комиссиясынын, айрым алганда, райондук жана участкалык шайлоо комиссияларынын, мүчөлөрүнүн 1/3 бөлүгүнөн ашпоого тийиш. Эгерде дайындалган адамдардын саны бар орундардан көп болуп калган учурда комиссия мүчөлөрү чүчү кулак кармашат.

[6] БШКнын 2009-жылдын 24-мартындагы №27- Жобого ылайык, шайлоочулардын чогулушу тийиштүү шайлоо округдарынын 5тен кем эмес өкүлдөрүнө турушу керек; мындай чогулуштарды расмий каттоо талап кылынбайт.

жыйынтыктары ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары бул комиссиялардын отурумдары өтүп жатканда жүргүзгөн каттоолордун жыйынтыктары менен дал келбей калган.

Анын үстүнө саясый партиялар, айрым алганда, Бириккен Элдик Кыймыл (БЭК) тарабынан сунуш кылынган өкүлдөр мыйзамда каралбаган, ойдон чыгарылган себептер менен дисквалификацияланышкан. Аларга паспорттун көчүрмөсүн берген жок, же күбөлүктөрүнө башкы штабдын эмес, жергиликтүү өкүлчүлүктүн мөөрү басылышы керек болчу деген сыяктуу себептер айтылган. Мындай учурларды ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары, мисалы, Кербен, Аксы, Өзгөн райондорунда катташкан. БЭКтин бир нече өкүлдөрү коркутуп-үркүтүүлөрдөн улам чүчү кулак кармоо баштала электе эле комиссияга кирүүдөн баш тартышкан. Айрым чүчү кулак кармоонун жыйынтыктарынын "Ак Жол" партиясынын пайдасына чечилиши үчүн статистикалык мүмкүнчүлүк жок болчу. Мындан тышкары, УШК мүчөлөрүн дайындоо аяктагандан кийин алардын бир нечеси ыйгарым укуктарынан баш тартышкан. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ Ысык-Көлдөн, Тоңдон, Кадамжайдан жана Нарындан 13 адамдын коркутуп-үркүтүүлөргө байланыштуу өз ыйгарым укуктарынан баш тарткандыктары тууралуу арыздарын алышкан. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочуларында "Ак Жол" партиясынын бир дагы мүчөсүнүн комиссия мүчөлүгүнө дайындалгандан кийин ыйгарым укуктарынан баш тарткандыгы тууралуу маалымат жок.

Акыркысы, УШКнын мүчөлүгүнө "шайлоочулардын чогулушунун" өкүлдөрүн дайындоо жөнгө салынбаган жана түшүнүксүз бойдон калууда. РШК бул категориядагы талапкерлердин ичинен УШК мүчөлөрүн эч кандай критерийлерсиз, "кылдат талкуулагандан соң"[7] тандашкан. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары менен маектешкендердин көпчүлүгү "Ак Жол" жана оппозициялык партиялар бул жолду комиссиялардын курамында кошумча орундарды алуу үчүн пайдаланышкан.

БШК шайлоолорду башкарууну негизинен белгиленген мөөнөттөрдө жүргүзгөн, бирок ал укуктук нормаларды жана шайлоо тартибин төмөнкү деңгээлдердеги шайлоо комиссияларында бир ыңтай колдонууну камсыз кыла алган эмес. РШК өз райондорунун чектеринде да укуктук нормаларды бир ыңтай колдонууну жана сактоону камсыз кыла албады.

Мисалы, мырза Атамбаевдин үгүт баракчалары аракеттеги Президенттин аброюна шек келтирген деп айыптаган БШКнын бул маселени карашы тынчсызданууну туудурган. Шайлоо Кодексине ылайык бул баракчалардын үлгүсү БШКга алдын-ала берилген, бирок, баракчалар басмаканада басылып, элге таркатылганга чейин БШК тарабынан эч кандай каршылык жана эскертүү болгон эмес.

БШК шайлоочулардын активдүүлүгүн арттыруу максатында "Добуш бер, болбосо уттурасың!" акциясын; жана телекөрсөтүү менен радио аркылуу шайлоочуларды маалымдоо акциясын жигердүүлүк менен уюштурду. Мындан тышкары, БШК шайлоо комиссиялары, талапкерлердин өкүлдөрү жана эл аралык байкоочулар үчүн маалымат материалдарын басып чыгарды. БШК шайлоо процессине катышкан жарандык уюмдардын негизгилеринен болгон "Менин талдоомдун мезгили" өкмөттүк

[7] БШКнын 2009-ж. 24-мартындагы №27 токтому

эмес уюм менен Өз ара түшүнүшүү тууралуу Меморандумга кол койду. Бул Меморандум БШКны шайлоочулардын укуктарын сыйлоого, Шайлоо Кодексинин жана башка тийиштүү укук жоболорун сактоону камсыз кылууга, ошондой эле арызданууларды кароонун эффективдүүлүгүнө жетишүүгө көмөк болууга милдеттендирет. Өз кезегинде Өкмөттүк эмес уюмдардын Коалициясы добуш берүүгө байланышкан иштерге көмөктөш болууга, башаламандыктар тууралуу убагында маалымдоого жана шайлоо учурунда укуктук нормаларга берилгендикти камсыз кылууда бардык деңгээлдердеги шайлоо бийликтери менен кызматташууга милдеттенет.

РШКлар УШК төрагалары жана катчылары үчүн тренингдерди өткөрүштү. Бирок, тренингдердин мааниси жана эффективдүүлүгү ар кайсы деңгээлде ар кандай болгондуктан, УШКлар шайлоочулардын тизмелерине, мөөнөтүнөн мурда добуш берүүгө жана шайлоо участогунун имаратынын тышкаркы жерлерде добуш берүүгө тийиштүү маселелерди ар кимиси ар кандайча түшүндүрүп жатышты.

БШК отурумдары массалык маалымат каражаттары, талапкерлердин өкүлдөрү жана байкоочулар үчүн ачык болду. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары катышкан бардык отурумдарда БШКнын токтомдору бир добуштан кабыл алынып жатты. 26-июндан тарта ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочуларына БШКнын тийиштүү отурумдарында талкуулана турган токтомдордун долбоорлору бериле баштады.

Мындай айкындуулук материалдарды жана негизги маалыматтарды даярдоо үчүн БШКнын алдында түзүлгөн жумшчу топтору тарабынан колдоого алынган жок, алар өз ишмердигин жабык мүнөздө жүргүзүштү. БШКнын пландалбаган отурумдарынын күн тартиби кызыкдар тараптарга алдын ала берилбегендиги да айкындуулукту чектеди. БШК өзүнүн көпчүлүк токтомдорун расмий сайтта жарыялады, жана ЕККУ/ДИАУБ Шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча Миссиясына калган токтомдорду берүүдөн баш тартты.

Төмөнкү деңгээлдердеги шайлоо комиссияларынын ишмердигинде да айкындуулук жетишсиз болду. Алар жогору турган шайлоо комиссияларын жана талапкерлердин өкүлдөрүн, массалык маалымат каражаттарын жана байкоочуларды мыйзам талап кылгандай,[8] өз отурумдарынын өтө турган убактысы, орду жөнүндө маалымдашкан жок. Кызыкдар тараптар шайлоо комиссияларынын отурумдарынын качан, кайсы жерде өтөөрүн билүү үчүн өздөрү маалымат издөөгө мажбур болушту.

## Шайлоочуларды каттоо

Шайлоочулардын тизмелеринин сапаты жана тактыгы тынчсыздандырууну туудураарын жергиликтүү байкоочулар да белгилешкен. Шайлоочулардын тизмелери шайлоочулардын канча пайызы добуш бергенин тактайт жана шайлоочуларды шайлоого байланыштуу материалдар менен камсыз кылууда пайдаланылгандыктан, анын мааниси чоң.

[8] Караңыз: Шайлоо Кодексинин 17-беренеси, п.3

БШК жана ОШКлар Шайлоо МАС системасынын райондук жана шаардык маалыматтарын кароого мүмкүндүгү болсо да,[9] бир да аймактык же улуттук деңгээлдерде маалыматтардын системага киргизилиши боюнча кайчы текшерүүлөр жүргүзүлгөн да, пландаштырылган да эмес. Бирок буга мүмкүнчүлүк бар болгон. Маалымат базасына шайлоочунун ысымы, фамилиясы, атасынын аты, туулган жылы жана дареги гана киргизилет. Ал эми ички паспортто көрсөтүлгөн уникалдуу идентификациялык жеке номери буга кирбей калган да, мүмкүн болгон бурмалоолорго жол ачылган. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары Шайлоо МАС системасына кирген айрым маалыматтар туура эмес экендигин, же таптакыр эле жок экендигин да тастыкташты.

Жалпысынан, шайлоочулардын тизмелери өз убагында басылып чыкты. 27-июндан баштап, тизме менен "таанышуу" процессинде шайлоочулар тизмеге толуктоолорду, же өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүнчүлүк алышты. БШКнын Шайлоо Кодексинин тийиштүү жобосуна берген түшүндүрүүсүнө ылайык, "таанышуунун" жүрүшүндө шайлоочулардын тизмелери жеке текшерүүгө гана алынды, бирок, алар мурдагы жылдардагыдай, коомчулукка жеткирилген жок. Баткен, Чүй, Нарын областтарында участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, айрым учурларда жергиликтүү администрациялар менен бирге, үймө-үй кыдырышып, тизмелердин тактыгын текшеришкен.

БШКнын маалыматы боюнча, 16-июлга карата 2,718,818 шайлоочу катталган, буга чет өлкөлөрдө катталган 140,000 шайлоочу кошулат. БШК катталган шайлоочулардын санын ар бир район боюнча гана бере алды, жана ар бир участок боюнча шайлоочулардын саны карамагында жок экендигин шылтоо кылды. Ошентип, шайлоочулардын акыркы жалпы саны добуш берүү аяктаганга чейин белгисиз болду. Анткени шайлоо күнүн кошо эсептегенде тизмелерге кошумча ысымдардын киргизилишине мүмкүнчүлүк берилген.

**Талапкерлерди каттоо**

Талапкерлерди каттоонун жыйынтыгында шайлоочуларга алты талапкердин арасынан тандоо мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Каттоодон өтүү үчүн талапкерлердин ар бири өзүн колдогон 50,000 шайлоочунун колун (катталган бардык шайлоочулардын 1,8 пайызын түзөт) топтоого милдеттүү, алар ар бир аймактагы, Бишкек жана Ош шаарларындагы шайлоочулардын 3 пайыздан кем эмес санынын түзүшү тийиш; шайлоо алдындагы 100,000 сомдук (1,600 евро) төлөмдү төлөгөндүгү тууралуу далилдеген документти көрсөтүүгө милдеттүү; талапкерлердин кыргыз тилин канчалык деңгээлде билээрин БШК тарабынан түзүлүп, Парламент бекиткен атайын комиссия текшерди; сынактар улуттук теле көрсөтүү аркылуу түз эфирде чагылдырылды.

Каттоонун акыркы күнү болгон 17-июнга карата БШК президенттик шайлоого катышууну каалаган 32 адамдын ичинен алтоосун каттоодон өткөрдү, шайлоо бюллетенине жазылган тартипте: Алмазбек Атамбаев – көз карандысыз талапкер, Бириккен Элдик Кыймылдын (БЭК) өкүлү жана Кыргызстан Социал-демократтар партиясынын төрагасы; Курманбек Бакиев – аракеттеги КР Президенти, "Ак Жол"

[9] Шайлоо МАС шайлоочулардын тизмелерин түзүү үчүн мааламаттарды бере турган жана шайлоолордун жыйынтыктарын эсептөөчү автоматташтырылган улуттук система болуп эсептелет.

партиясынан көрсөтүлгөн; Нурлан Мотуев – көз карандысыз талапкер, “Жоомарт” кыймылынын лидери; Жеңишбек Назаралиев – көз карандысыз талапкер; Темир Сариев – “Ак шумкар” партиясынан; Токтайым Үмөталиева – көз карандысыз талапкер. Калган 16 талапкерлердин алтоосу талапкерликтен өздөрү баш тартышты, ал эми он талапкер ар кандай себептерден улам катталышкан жок: экөөсү кыргыз тили боюнча сынактан өтпөй калышты, төртөөсү белгиленген мөөнөттө жетишерлик кол топтой алган жок, бирөө топтогон колдордун көпчүлүгү анык болбой чыкты, ал эми дагы үчөө шайлоо төлөмүн төлөй алышпады.

## Шайлоо алдындагы үгүт чөйрөсү

Жалпысынан үгүт иштери анчалык жигердүү болгон жок, үгүт кампаниясынын толук кандуу жүрүшү анчалык байкалбады. Бардык талапкерлер шайлоо алдындагы үгүттөө иштерин бүт өлкө боюнча жүргүзүштү. Президент Бакиев алты талапкердин арасында эң көрүнүктүүсү болду. Анын жарнак тактайлары, шайлоо башталардан мурда илингендерин кошкондо, көптөгөн плакаттар өлкөнүн бардык аймактарында илинди. Өз ишмердигин 2007-жылдын октябрь айында баштаган күчтүү партиялык структурасы бар “Ак Жол” партиясы Президенттин шайлоо алдындагы масштабдуу үгүт кампаниясын уюштурууда негизги ролду ойноду. Башка талапкерлер бирин-серин гана жарнак тактайларын илишти, бирок алар өздөрүн үгүт иштери аяктап жатканда жакшы көрсөтө алышты.

Үгүт аянтчасы жергиликтүү администрацияларды аракеттеги Президенттин үгүттөө ишмердигине катыштыруу жана “Ак Жол” партиясынын мүмкүнчүлүктөрү менен мамлекеттик ресурстарды өз талапкеринин кызыкчылыгына иштетүү менен мүнөздөлдү. Бул партияларды мамлекеттен бөлүү чакырыгын камтыган ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген Документине карама-каршы келет. “Ак Жолдун” кеңселери көпчүлүк жерлерде мамлекеттик мекемелердин имараттарында жайгашкан жана жергиликтүү администрациялардын кызматкерлери менен “Ак Жолдун” ортосунда тыгыз байланышта экендиги ЕККУ/ДИАУБ ШБМ тарабынан белгиленди. Аракеттеги Президент үчүн үгүттөгөн жана “Ак Жолдун” плакаттары, мисалы, Бишкектеги, Чүй, Ыссык-Көл жана Нарын областтарындагы жергиликтүү администрациялардын имараттарына илингени байкалган. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары жергиликтүү администрациялар тарабынан аракеттеги Президенттин шайлоочулар менен жолугушууларын өткөрүүгө колдоолор көрсөтүлгөнүн билдиришкен, мисалы жолугушуу катышуучуларын Бишкектен, Баткен, Чүй, Иссык-Көл, Нарын, Ош, Жалал-Абад жана Талас областтарынан алып келүүгө унаа камсыз кылынганын.

Шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча Миссия ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген Документинин 7.7-параграфынын талаптарына шайкеш келбеген тоскоолдук кылуулар, кысым көрсөтүүлөр жана коркутуп-үркүтүүлөр болгон учурларды белгиледи. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары оппозициялык партиялардын иш чараларына тоскоолдук кылуу, оппозициялык щиттерди илдирбөө үчүн жана оппозициялык партияларга имараттарды ижарага бердирбөө үчүн компаниялардын ээлерине жана имараттардын кожоюндарына кысым көрсөтүү учурларын байкашкан. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары, мисалы, Ош жана Жалал-Абад областтарында шайлоочуларды, айрыкча студенттер менен мамлекеттик сектордун кызматчыларын аракеттеги Президент менен жолугушууларга катышууга мажбурлашканын да

билдиришкен. Айрым учурларда, мисалы, Ысык-Көл областында мындай кысым көрсөтүүлөр жумуштан бошотуласың деген коркутуулар менен коштолгон. Жергиликтүү администрациялардын кызматчылары жана “Ак Жол” партиясынын активисттери үйлордү кыдырышып, шайлоочулардын аты-жөндөрүн, даректерин, шайлоочулардын документтери тууралуу маалыматтарды жана алардын участкалык шайлоо комиссияларынын номерлерин топтошкон. Айрым учурларда алар шайлоочулардын өз добуштарын кимге берээрин айтууну акидей асылып суранышкан. Бишкекте, Ысык-Көл областында, Ошто, Баткенде жана Таласта шайлоочулардын тизмелери жергиликтүү администрациялардын кызматчылары жана “Ак Жол” партиясынын активисттери тарабынан түзүлүп, аларга өз добуштарын аракеттеги Президентке беребиз деген шайлоочулар киргизилген.

Шайлоо күнү жакындаганда мырза Атамбаевдин үгүт кампаниясы улам барган сайын агрессивдүү жана азгырмалуу боло баштады. Ал өз талапкерлерин колго балта жана айры алып, шайлоо өткөн күнү кечинде РШКрда өз укуктарын коргоого чакырды. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары буга окшогон чакырыктар Таласта, Чүйдө, Ыссык-Көлдө, Бишкекте жана Ошто айтылганын билдиришти.

**Үгүт иштерин каржылоо**

12-июлда БШК талапкерлердин үгүт иштерине кеткен чыгымдары тууралуу маалыматты жарыялады. Бул чара үгүт кампаниясын каржылоонун айкындуулугун арттырды. Бирок талапкерлердин бири бул маалыматты талапкердин макулдугусуз жарыялоого БШКнын укугу жок экендигин айтып, наааразылык билдирди.

БШК берген маалыматка ылайык, бардык талапкерлер мыйзам боюнча түзүлгөн өз фондуларындагы акча каражаттарын (50 миллион сом) сарптоонун чегинде жүргүзүштү.[10] Мырза Атамбаев 8, 239,200 сом топтогон; Президент Бакиев 38,327,700 сом; мырза Мотуев 393,100; мырза Назаралиев 1,091,070; мырза Сариев 621,000; мырзайым Үмөталиева 675,000 сом топтошкон. Бул каражаттардын көпчүлүгү үгүт иштерине сарпталган.

**Медия**

Кыргызстанда 1300 массалык маалымат каражаттары катталган, анын ичинен 400дөн азыраагы иштеп жатат.[11] Массалык каражаттарынын санынын өскөндүгүнө карабастан, кийинки жылдары медиа кырдаалдын начарлашына жана плюрализмдин азайгандыгына байланышкан кооптонуулар бар. Бул электорат үчүн маалыматтын андан ары чектелишин алып келет. Башка кооптонуулар акыркы мезгилде журналисттерге карата зомбулукка байланышкан. ЕККунун массалык маалымат каражатттарынын эркиндиги маселелери боюнча Өкүлү “Кыргызстандын бийликтерине президенттик шайлоолордун алдында өлкөдөгү плюрализмге коркунуч туудуруп жаткан журналисттерге ырайымсыз катылуулардын толкунун токтотуу үчүн мүмкүн болгондордун баарын колдонуу” тууралуу өтүнүч менен атайын кайрылды.[12]

[10] Сомдун азыркы курсу болжол менен 1 евро: 60 сом
[11] Кыргыз Республикасынын адилет министрлиги берген маалыматка ылайык
[12] Караңыз: Отчет Представителя ОБСЕ по вопросам свободы СМИ, представленный перед Постоянным Советом ОБСЕ, 2 июля, 2009 год: http://www.osce.org/documents/rfm/2009/04/38607_en.pdf.

Теле көрсөтүүлөрдүн жана радионун жаңылыктар жана маалымат берүүлөрүндө шайлоо тематикасына байланышкан материалдардын чектелүү санда болушунан улам шайлоочулар маалыматтарга таянып чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнөн толук кандуу пайдалана алышпады. Үч телеканалдын жамааттарынын июнь айынын аягынан баштап өргүүгө кетиши шайлоочуларга маалымат жеткирүүнүн көлөмүн ого бетер чектеди.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулар миссиясы жүргүзгөн массалык маалымат каражаттарына мониторинг мамлекеттик телерадиоканалдар шайлоо кампаниясын тең салмактуу чагылдыруу жана бардык талапкерлерге бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу боюнча Шайлоо Кодексинде жазылган милдеттенмелерди аткарышпагандыгын айгинеледи.

Бардык өлкө аймактарын камсыз кылган улуттук телерадиоканал (УТРК), ЭлТР бир тараптуулук көрсөтүп, эфир убактысынын көпчүлүк бөлүгүн аракеттеги Президентке арнашты (тийиштүүлүгүнө жараша – 56 жана 80 пайыз). Анын үстүнө, чагылдыруу негизинен позитивдүү нукта жүргүзүлдү. Салыштыруу үчүн – Атамбаевдин үгүт иштери алда канча аз чагылдырылып (14 жана 8 процент), берүүлөр көбүнчө сын мүнөздө болду. Ошондой эле менчик 5-канал эфир убактысынын 69 процентин аракеттеги Президентке арналган позитивдүү мүнөздөгү берүүлөрдү эфирге чыгарып, Атамбаевге эфир убактысынын 13 проценти арналып, негизинен берүүлөр негативдүү маанайда болду.

Улуттук Радио да эфир убактысынын көпчүлүгүн (80 процент) аракеттеги Президентке арнаган жана негизинен позитивдүү мүнөздөгү берүүлөрдү уюштурган. “Азаттык” Радиосу (“Эркин Европа” радиосунун жергиликтүү Бюросу) тескерисинче, талапкерлерди тең салмактуу чагылдырууга жетишти, эфир убактысынын 41 пайызын Атамбаевди калыс чагылдырууга арнаган жана эфир убактысынын 38 пайызын Президент Бакиевди калыс жана негативдүү мүнөздө чагылдырууга арнаган.

Бардык талапкерлер УТРКдан берилген акысыз эфир убактысын өздөрүнүн саясый платформаларын элге жеткирүү үчүн пайдаланышты.[13] Ошондой болсо да, ЭлТР талапкерлер акысыз телеэфир убактысын берүү өтүнүчү менен кайрылбаганына шылтап, мыйзамда жазылган милдеттерди аткарган жок. Шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүрүшүндө аракеттеги Президенттен башка бир дагы талапкер кошумча реклама убактысын сатып алуу мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланышкан жок. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоо салган телерадио массалык маалымат каражаттарынан аракеттеги Президент 9 сааттын тегерегиндеги рекламалык убакытты сатып алды. Салыштыруу үчүн – мырза Атамбаев 7 ммүнөттүн тегерегинде сатып алган, мырза Назаралиев – 5 мүнөттүн айланасында.

Кубаттай турган жакшы жөрөлгө катары УТРКда дебаттардын 6 раундунун уюштурулушун белгилөө керек. Бирок талапкерлер дебаттарга катышууга анчалык кызыгышпагандактан болгону бир гана дебат өттү. Акыйкатта БШКнын демилгеси менен уюштурулган дебаттар жана алардын мамлекеттик теле аркылуу бүт өлкөгө

[13] Шайлоо Кодексинде талапкерлерге мамлекеттик теле-радиоканалдарда акысыз эфир убактысын берүү каралган.

көрсөтүлүшү талапкерлердин өз ара пикир алмашуусу үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөрдөн болчу. Президент Бакиев менен мырза Атамбаевдин дебаттарга катышпай коюу менен шайлоочуларды интерактивдүү формада талапкерлердин саясый пикир алмашуусун көрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратышты.

**Аялдардын катышуусу**

Шайлоо Кодексине парламенттик шайлоолордо аялдарга квота каралган өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин 2007-жылдагы парламенттик шайлоолордун жыйынтыктары боюнча аялдар жаңы апрламенттеги 90 орундун 23үн ээлешти. Конституциялык Соттун 9 мүчөсүнүн үчөө аялдар болуп эсептелет. Чечим кабыл алуучу башка кызматтарда аялдардын катышы жетишерлик эмес. 23 өкмөт мүчөлөрүнүн ичинен үчөө - аялдар. Айымдар жарандык коомдо жигердүүлүктү көрсөтүшүүдө жана көптөгөн өкмөттүк эмес уюмдардын башында аялдар турушат, жана бул уюмдардын мүчөлүгү көбүнчө аялдардан турат.

Мырзайым Токтайым Үмөталиева президенттик шайлоолордо талапкерлердин арасындагы жалгыз аял болду. Ал өзүнүн саясый платформасында аялдардын коомдогу ролун жогорулатууга басым жасап, толук гендердик теңчиликти камсыз кылуу үчүн шарттарды жакшыртуу зарылдыгын белгиледи.

Участкалык Шайлоо Комиссияларынын (УШК) мүчөлөрүнүн жарымынан көбү аялдар болушту (20,689 адамдын ичинен 10,731и аялдар). Шайлоо күнү байкоого алынган УШКлардын жарымынан көбүн аялдар жетектейт.

**Улуттук азчылыктардын катышуусу**

Бардык алты талапкерлер - өлкө калкынын 70 процентин түзгөн кыргыз улутунун өкүлдөрү.[14] Көпчүлүк талапкерлер шайлоочуларды өлкөдөгү тынчтык өнүгүүнүн зарыл шарты катары улуттар аралык ынтымакты сактоого жана чыңдоого чакырышты. Алар кошуна өлкөлөр менен жакшы мамиледе болуу жана аймактык кызматташтык Кыргызстандагы улуттар аралык мамилелерге оң таасирин тийгизип жаткандыгын белгилешти.

Талапкердердин түз эфирден чыгып сүйлөгөн сөздөрү улуттук масштабда кыргыз жана орус тилдеринде чагылдырылды. Ош шаарында жайгашкан жеке канал “Ош-ТВ” да кайрылууларды өзбек тилине которуп берди жана этникалык өзбектердин арасында шайлоолорго байланышкан маселелер тууралуу түшүнүктү жогорулатты жана аларды шайлоо процессине аралаштыруу ишине салым кошту. Бирок шайлоого байланышкан бардык материалдар кыргыз жана орус тилдеринде даярдалып, шайлоочуларга таркатылган.[15]

**Арыздар жана Апелляциялар**

[14] КР Улуттук статистика Комитетинин маалыматы боюнча (2008-ж), өлкөдө төмөндөгү этникалык топтор жашашат: өзбектер (15 процент), орустар (9 процент), дунгандар (1 процент), уйгурлар (1 процент) жана башкалар (5 процент), www.stat.kg

[15] №25 Жалпы Комментарийлердин рекомендацияларына ылайык, 12 параграфта “маалымат жана шайлоолор жөнүндөг материалдар азчылыктын тилдеринде жеткирилиши зарыл” деп жазылган.

Шайлоолорго байланыштуу арыздар шайлоо комиссияларына, сотторго, прокуратура жана милиция органдарына берилсе болот. Жогорку Сот шайлоо жаатындагы талаш-тартыштарды кароо боюнча эң жогорку инстанция болуп саналат. Эгерде арыз бир сотко жана шайлоо комиссиясына бир эле мезгилде берилген болсо, соттун акыркы чечими кабыл алынганга чейин комиссия арызды кароону токтото турушу керек.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ шайлоо процессинин жүрүшүндө орун алган мыйзам бузуулар болуп жаткандыгын, айрыкча Участкалык Шайлоо Комиссияларынын мүчөлөрүн дайындоого жана үгүт иштерине көрсөтүлүп жаткан каршылыктар тууралуу өтө эле көп билдирүүлөрдү жана арыздарды алды. Бул арыздардын шайлоо комиссияларына жана сотторго сейрек түшкөнү шайлоочулардын талаш-тартыштарды чечүүгө милдеттүү деп эсептелген бул органдарга болгон ишениминин төмөн экендигин каңкуулайт.

Соттор бардык арыздарды өз убагында жана процедурага ылайык карап чыккандан кийин бир катар чечимдердин негизи жана мотиви жетишсиз экендиги белгилүү болду. Башка учурларда сотко тийешеси жок деген негиз менен соттор арыздарды кароодон баш тартышты, мисалы, Баткенде, Бишкекте жана Ноокенде шайлоо комиссияларынын чечимдерине жогору турган шайлоо комиссияларына арыздануу керек деген мотив менен мырза Атамбаев, СДПК жана Ата Мекен партиялары берген бир нече арыздарды соттор карабай коюшкан. Бирок мыйзамда жогору турган комиссияларда гана карала турган участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдерине арыздануулардан башка учурларда арызданууучунун өз каалоосу боюнча эки инстанцияга тең кайрылуу мүмкүнчүлүгү каралган.[16] Көпчүлүк сот чечимдери надзордук тартипте кароо өтүнүчү менен Жогорку Сотко жөнөтүлгөн. Жогорку Сот төмөнкү деңгээлдеги соттордун чечимдерин күчүндө калтырган.

Шайлоо процесси башталгандан тартып, БШКга шайлоо комиссияларынын чечимдери жана аракеттери жана үгүт эрежелерин бузуу учурлары боюнча 65 арыз түшкөн. Бул арыздарды БШКда кароонун тартиби бир ыңтай эмес: бир нече арыздар гана ачык отурумдарда каралып, башкалары Шайлоо алдындагы Үгут иштерин Жүргүзүүнүн эрежелеринин сакталышына Көзөмөлдүк кылуу боюнча Жумушчу тобунда, калгандарына төраганын атынан жооп берилген, ошентип, адамдардын өз укуктарын коргоо максатында сотко кайрылуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген.

Ачык отурумдарында каралган бардык арыздардын ичинен БШК мыйзамсыз үгүт иштерине байланыштуу 5 арызды жана Участкалык Шайлоо Комиссиясын түзүүгө байланыштуу 1 арызды белгиленген мөөнөттө караган. Жыйынтыгында аракеттеги Президенттин аброюна шек келтиргендиги үчүн мырза Атамбаевге эскертүү берилген, ал эми мырза Атамбаевдин аброюна шек келтирилгендиги тууралуу эки арызды териштирүү Башкы Прокуратурага тапшырылган. БШК ошондой эле Башкы Прокуратурага кайдан, качан жана кимдер тарабынан чыгарылганы көрсөтүлбөгөн аракеттеги Президентти колдогон реклама тактайын жана башка бир нече плакаттарды алып таштоо да тапшырылган.

[16] Караңыз: Шайлоо Кодекси, 54.6 берене

**Жергиликтүү жана Эл аралык байкоочулар**

Саясый партиялар, талапкерлер шайлоо процессинин жүрүшүнө, добуштарды эсептөө процессине байкоо жүргүзүүнү алдын ала пландашкан. Шайлоо күнү ЕККУнун байкоочулары барган участкалык шайлоо комиссияларынын 91 процентинде саясый партиялардын жана талапкерлердин өкүлдөрү бар болуп чыкты.

Шайлоонун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүдө жарандык коом өтө жигердүүлүктү көрсөтүштү. Бул шайлоо процессинин ачык-айкындуулугун арттырды. "Менин Тандоо Мезгилим" шайлоочулардын укуктары боюнча жарандык уюмдардын Ассоциациясы байкоо жүргүзүү ишинде бай тажрыйба топтогон "Таза шайлоо", Демократия жана Жарандык Коом үчүн Коалициясы, "Интербилим" жана башка уюмдардын башын кошкон. 2009-жылдын май айында жаңы түзүлгөн "Адилет Шайлоо Үчүн" өкмөттүк эмес уюму да шайлоо күнү байкоо жүргүзгөн.

22-июлда БШК шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчетту жарыялаган "Мен Тандоочу Мезгил" өкмөттүк эмес уюмунун үстүнөн шайлоо өтө электе кылмыштык териштирүү жүргүзүү талабы менен Башкы Прокуратурага кайрылды.

**Мөөнөтүнөн мурда Добуш берүү жана Шайлоо күнү**

Шайлоочулардын белгилүү категориялары[17] шайлоого 9 күн калганда мөөнөтүнөн мурда добуш берүүгө укуктуу болушкан. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары айрым комиссиялар, мисалы, Сокулукта жана Караколдо шайлоочулардын атайын тизмеси түзүлбөгөнүн жана жашыруун добуш берүү үчүн шарттардын түзүлбөгөндүгүн байкашты. Мисалы, Свердлов райондук РШКсында шайлоочуларга таркатылган шайлоо баракчаларына мөөр басылбаган, демек, добуштарды эсептөө учурунда бул баракчалар жараксыз деп табылышы керек. Дагы бир мисал: Биринчи Май районундагы шайлоо участкасында шайлоо баракчалары салынган конверттер желимделбеген жана мөөр басылбаган, кол коюлбаган. Саламаттык сактоо уюмдарынын жана мамлекеттик ишканаларынын кызматчылары Бишкекте добуш беришкен, ал эми өрт өчүргүчтөр бригадасынын кызматкерлери Талас шаарында. Бул Шайлоо Кодексинин жоболоруна каршы келет. Ал эми Октябрь жана Сокулук райондорунда тобу менен добуш берүү байкалган, ал эми Ысык-Атада добуш берүү жетекчинин көзөмөлү алдында өткөн.

Шайлоо күнү ЕККУ байкоочулары бардык шайлоо участокторунун үчтөн биринде, көпчүлүк Райондук шайлоо участкаларында шайлоо процессинин жүрүшүнө байкоо салышты. Биздин байкоочулар барган участоктордо шайлоо көптөгөн проблемалар жана мыйзам бузуулар менен өттү. Аларга: шайлоо баракчаларын урнага кош-коштоп таштоолорду, шайлоочулардын тизмелеринин так эместигин жана бир нече жолу добуш берүүлөрдүн далилденген учурларын кошууга болот. Шайлоо участкаларынын жарымына жакынында добуштарды эсептөөнүн жыйынтыктарына негизделген шайлоонун алгачкы жыйынтыктары тууралуу маалымат 24-июль күнү эртең менен БШКнын сайтына чыкты. 2005-жылы президенттик шайлоодогудай, ар

[17] Шайлоо Кодексинин 41 беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандарынын бул тобуна шайлоо күнү чет өлкөлөрдө жашап жатышкандар, эл аралык мекемелердин кызматчылары, аскер бөлүгүнүн чегинен тышкары кызмат өтөп жатышкан аскер адамдары жана БШКнын чечүүчү добушка ээ мүчөлөрү кирет.

бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүлөрдүн жыйынтыктары БШК тарабынан жарыяланган жок. Алгачкы расмий маалыматтар боюнча, шайлоочулардын шайлоого катышуусу 79 процентти түздү.

ЕККУ байкоочулары шайлоо участокторунун ачылышын 25 процент учурларда жаман, же өтө жаман деп баалашты. Бир нече процедуралык бузуулар байкалган: 22 процент учурларда мөөнөтүнөн мурда добуш берүү учурунда шайлоочулардын шайлоо баракчалары салынган конверттерин ачуу УШК мүчөлөрүнүн катышуусу менен өткөн жок, ал эми байкоочулар барган участоктордун жарымынан көбүндө протоколдор туура эмес толтурулганы байкалды. Байкоочулар барган участоктордун жарымына жакынында шайлоо процессин башкарууга укугу жок адамдардын участкалык шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүүлөрү байкалган. Айрым учурларда ЕККУнун байкоочуларына шайлоо участокторунун ачылуу процессин байкоого мүмкүндүк берилген эмес.

Бардык учурлардын 11 процентинде добуш берүү процессине жаман эң жаман деген баа берилген. ЕККУнун байкоочулары шайлоочулар шайлоо баракчаларын жашыруун белгилешпегенин (байкоого алынган учурлардын 15 проценти) жана документтер жетишерлик кылдат текшерилбегенин (байкоого алынган учурлардын 8 проценти) билдиришти. ЕККУнун байкоочулары көп жолу урнага шайлоо баракчаларын кош-коштоп таштоо учурларын байкашты. Байкоого алынган учурлардын 12 процентинде ЕККУнун байкоочулары шайлоочуларды тизмелеринде бирине окшош колдорду байкашкан. Ошто тизмелерде коюлган колдордун саны добуш берген шайлоочулардын тизмедеги саны тууралуу маалымат менен коошпой калган учурлары көп болду. Шайлоо участокторунун 7 процентинде шайлоочулардын көп жолу добуш берүүсү же ишеним кат боюнча добуш берүүлөр байкалды. Добуштарды ачык сатып алуунун үч учуру байкалды. Бишкек шаарынын борборунда милиция кызматкери шайлоочуларга кимдин ким экендигин сурабастан эле "Открепительный талондорду" таратып жатканы байкалды; аларды өлкөнүн кайсы гана жеринде болбосун добуш берүүдө пайдаланса болот. ЕККУнун байкоочулары бүт өлкө боюнча кошумча тизмелерде адамдардын санынын өтө көп экендигин байкашты. Байкоочулар барган участоктордун 23 процентинде шайлоо процессин башкарууга укугу жок адамдардын шайлоо процессин башкарып жатканы байкалган. ЕККУнун байкоочулары барган шайлоо участокторунун 79 процентинде Президенттикке талапкер Бакиевдин, 69 процентинде мырза Атамбаевдин өкүлдөрү, 79 процентинде жергиликтүү байкоочулар бар болуп чыкты. Бардык учурлардын 5 процентинде ЕККУнун байкоочуларын добуш берүү процессине байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратышкан.

Балыкчы шаарында мырза Атамбаевдин тарапкерлери добуш берүүнү бурмалоолорго каршы наразылык билдирүү үчүн шайлоо участогуна кирүү аракет кылышкан, УШКнын төрагасы аларды токтотууга аркеттенди. Кийинки жолку шайлоо участогуна кирүү аракеттери учурунда милиция көздөн жаш агызуучу газды пайдаланды деген имиш бар. СДПК париясынан Жогорку Кеңештин эки депутаты камакка алынган, кийинчерээк бирөө бошотулду. Шайлоо күнүнүн экинчи жарымында мырза Атамбаев пресс-конференция өткөрүп, шайлоо процессинде массалык мыйзам бузуулар болуп жаткандыгын айтты жана бул шайлоонун жыйынтыктары БШК тарабынан таанылa турган болсо, адамдар массалык наразычылык акцияларына чыгуусу мүмкүн экендигин эскертти. Шайлоо күнү анын

алдында БШК кабыл алган токтом боюнча "Менин Тандоо Мезгилим" өкмөттүк эмес уюмдун жетекчилери Башкы Прокуратурага чакыртылып, сурак беришти.

Жарымынан ашуун байкоо жүргүзүлгөн учурларда добуштарды эсептөө процессине ЕККУнун байкоочулары жаман, же өтө жаман деген баа беришти. Жалпысынан, добуштарды эсептөө процесси тез бүттү, бирок байкоочулар процедуралар сакталбаганын байкашты. Байкоо жүргүзүлгөн учурлардын үчтөн биринде участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү мыйзамга туура келбесе да, протоколдорду калем менен толтурушту. Айрым учурларда аркеттеги Президентке берилген добуштарды аныктоо жалпы берилген добуштардын санынан башка талапкерлерге берилген добуштардын санын алып таштоо жолу менен жүргүзүлдү. Эки учурда участкалык шайлоо комиссиялары добуштарды эсептөө менен шугулданган жок, алар материалдарды чогултуп, сандарды ойлорунан чыгарышты. Добуштарды эсептөө процессине байкоо жүргүзүлгөн учурда байкоочулар барган шайлоо участокторунун жарымынан көбүндө ыйгарым укугу жок адамдар бар экендиги байкалган, ал эми алардын 10 процентинде ыйгарым укугу жок адамдар добуштарды эсептөө процессине жетекчилик кылышкан. Ар бир бешинчи учурда ЕККУнун байкоочуларын добуштарды эсептөө процессин байкоого катыштырбай коюу жана үчтөн бир учурларда добуштарды эсептөөнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдордун плакат түрүндө илинбей калышы айкындуулукка доо кетирди.

Добуштарды суммалоо байкоо жүргүзүлгөн учурлардын төрттөн үчүндө жаман, же өтө жаман деп бааланды. Шайлоо МАС системасынын жакшы иштебегендигинен улам Райондук Шайлоо Комиссияларынын жарымынан көбү добуштарды суммалай алышпады. Көпчүлүк учурларда ЕККУнун байкоочуларынан шайлоо участогунан чыгып кетүүнү талап кылышты, же аларды Шайлоо МАС системасына маалыматтарды киргизүү процессин байкоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратышты, бул байкоочулардын процессти жеткилең баалоого мүмкүндүк берген жок.[18] Шайлоо МАС системасы иштебей калган көпчүлү учурларда Райондук Шайлоо Комиссиялары Участкалык Шайлоо Комиссияларына шайлоо материалдарын таштап кете берүүгө кеңеш беришип, ал маалыматтарды кийинчерээк, аларсыз эле Шайлоо МАС системасына киргизип коюшаарын айтышкан. Протоколдор системага киргизилгенден кийин участкалык шайлоо комиссиялары протоколдорду оңдошуп, кээде колдорду жасап жаткан учурларды ЕККУнун байкоочулары көп жолуктурушту.

***Бул Билдирүүнүн англис тилиндеги түп нускасы бирден-бир расмий документ болуп эсептелет.***
***Расмий эмес котормолорун Кыргыз жана Орус тилдеринде окууга болот.***

## ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ МИССИЯСЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча Миссия 8-июлда 11 борбор шаарда жайгашкан эксперттен жана бүтүндөй Кыргыз Республикасы боюнча жайгаштырылган 24 узак мөөнөттүк байкоочулардан турган курамда Бишкекте өз ишин баштады. 9-10-июнда шайлоо алдындагы визит менен ЕККУ Парламенттик

[18] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ бул маселе боюнча БШК менен байланышканда БШК Шайлоо МАС системасынын иштөөсү боюнча эч кандай проблема жок экендигин маалымдаган.

Ассамблеясы (ЕККУ ПА) Бишкекте болду. Шайлоо күнүнө карата, 28 адамдан турган ЕККУ ПА делегациясын кошо алганда, 277 кыска мөөнөттүк байкоочулар ЕККУ шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча Миссиясына киришти. Жалпысынан байкоочулардын катарына ЕККУга кирген 39 мамлекеттердин жана бир Кызматташуу боюнча Өнөктөш мамлекеттин өкүлдөрү кошулду. Шайлоолорго Байкоо жүргүзүү Миссиясы бардык шайлоо участокторунун (2,330 шайлоо участоктору бар) үчтөн биринде өттү, жана  кырк тогуз Райондук Шайлоо Комиссияларында (бардыгы – 56) добуштарды эсептөө жана суммалоо процесстерине байкоо жүргүзүлдү.

ЕККУнун аракеттеги Председатели сенатор Консильо Ди Нино (Канада) мырзаны, ЕККУ ПА делегациясынын башчысын ЕККУнун кыска мөөнөттүк байкоочуларына жетекчили кылуу үчүн Атайын Координаторлугуна дайындады. Мырзайым Радмила Шекеринска (Мурдагы Югославия Македония Республикасы)  ЕККУ/ДИАУБ шайлоолорго байкоо жүгүзүү боюнча Миссиясынын башчысы болуп эсептелет.

ШБМ Кыргыз Республикасынын бийликтерине шайлоолорго байкоо жүргүзүүгө чакыргандыгы үчүн, Борбордук Шайлоо Комиссясына кызматташтыгы жана аккредитация боюнча документтерди бергендиги үчүн, Тышкы Иштер Министрлигине жана башка мамлекттик органдарга ишибизге көмөк бергендери жана кызматташтыгы үчүн ыраазычылык билдирүүнү каалайт.

Кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү даректерге кайрылсаңыздар болот:

- Мырзайым Радмила Шекеринска, ЕККУ/ДИАУБ шайлоолорго байкоо жүгүзүү боюнча Миссиясынын Башчысы, Бишкекте (+996-312-564-775);
- Мырза Енс Эшенбэхер, ЕККУ/ДИАУБ Спикери (+48-603-683-122), же мырзайым Никола Шмидт, ЕККУ/ДИАУБ шайлоолор боюнча кеңешчиси, Варшавада (+48-22-520-0600);
- Мырза Андреас Бэйкер, Президент Кеңешчиси, ЕККУ Парламенттик Ассамблеясы (+45-6010-80-30 или +45-33-37-80-40).

ЕККУ/ДИАУБ  ШБМ дареги:
ЕККУ/ДИАУБ  ШБМ
Абай көчөсү, 2/7В, 720055 Бишкек
тел: +996 312 564775
факс: +996 312 564795
электрондук почта: Office@eom.kg